1 Жергиликтүү шарттар боюнча электр менен жабдуунун ишенимдүүлүгүнүн биринчи категориясындагы насостук орнотмолорду электр менен жабдуунун көз карандысыз эки булагынан кубаттоого мүмкүн болбогон учурда аларды 0,4 кВ чыңалуудагы ар кандай линияларга жана эки трансформатордук көмөкчордондун ар кандай трансформаторлоруна же жакынкы бир трансформатордук көмөкчордондордун трансформаторлоруна (резервди автоматтык түрдө күйгүзүүчү түзүлүш менен) кошулган шартта бир булактан азыктандырууга жол берилет.

2 Насостук орнотмолорду электр менен жабдуунун зарыл болгон ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу мүмкүн болбогон учурда ичинен күйүүчү кыймылдаткычтардын иштетүүсү менен резервдик насосторду орнотууга жол берилет. Мында аларды жертөлөгө жайгаштырууга жол берилбейт.

13.21 Муздак суу менен камсыздоо тутумдарынын насостук орнотмолору кол менен, аралыктан же автоматтык башкаруу менен каралышы керек. Жогорулатуу насостук орнотмону автоматтык башкарууда төмөнкү чаралар көрүлүүгө тийиш:

- тутумдун талап кылынган басымына жараша жумушчу насосторду

автоматтык түрдө баштоо жана өчүрүү;

- жумушчу насос авариялык өчүрүлгөндө резервдик насосту автоматтык түрдө күйгүзүү;

- жумушчу насостун авариялык өчүрүлүшү үчүн үн же жарык сигналын берүү.

Аралыктан жана автоматтык башкаруу диспетчердик башкаруу түйүнүнөн ишке ашырылышы керек.

Айкалышкан чарбалык-ичүүчү жана өрткө каршы суу менен камсыздоонун насостук орнотмолорун аралыктан ишке киргизүүдө ишке киргизүүчү баскычтар өрт шкафтарына же алардын жанына орнотулушу керек. ВПВ өрт насосторун автоматтык түрдө ишке киргизүүдө өрт крандарынын шкафтарына баштоо баскычтарын орнотуунун кереги жок.

13.22 Насостук орнотмолору бар жайдын аянтын аныктоодо өтмөктөрдүн туурасын м, кем эмес кабыл алуу керек:

1 – насостор/электр кыймылдаткычтарынын ортосунда;

0,7 – терендетилген бөлмөлөрдө насостор/электр кыймылдаткычтары менен дубалдын ортосунда;

1 – башка бөлмөлөрдө, мында кыймылдаткыч тарабынан өтүүчү жолдун туурасы роторду демонтаждоо үчүн жетиштүү болушу керек;

1,5 – компрессорлордун же желдеткичтердин ортосунда, 1- алар менен дубалдын ортосунда;

0,7 – жабдуунун туруктуу чыгып турган бөлүктөрүнүн ортосунда;

2 – электр бөлүштүрүүчү калкандын алдында.

Э с к е р т ү ү л ө р

1 Жабдуулардын айланасындагы өтмөктөрдү КР КЧ 40-01 жана КР КЧ 40-02 талаптарына ылайык кабыл алуу керек.

2 Шыкагыч келтетүтүктүн диаметри 100 мм чейин болгон агрегаттар үчүн: агрегаттарды дубалга же кронштейндерге орнотууга; агрегаттардын чыгып турган бөлүктөрүнүн ортосундагы аралык 0,25 м кем эмес болгон учурда бир фундаментке эки агрегатты орнотууга, эки эселенген орнотуунун айланасында туурасы 0,7 м кем эмес өтмөктөрдү камсыз кылууга жол берилет диаметри 100 мм чейин болгон агрегаттар үчүн: агрегаттарды дубалга же кронштейндерге орнотууга; агрегаттардын чыгып турган бөлүктөрүнүн ортосундагы аралык 0,25 м кем эмес болгон учурда бир фундаментке эки агрегатты орнотууга, эки эселенген орнотуунун айланасында туурасы 0,7 м кем эмес өтмөктөрдү камсыз кылууга жол берилет.

13.23 Насостук орнотмолордун жайларында технологиялык жабдууларды, арматураларды жана түтүк өткөргүчтөрдү эксплуатациялоо үчүн көтөргүч-транспорттук жабдуулар каралышы керек.

13.24 Резервуардан суу алууда булундун астына насосторду жана экиден кем эмес соргуч линияларды орнотуу каралышы керек. Алардын ар биринин эсептөөсү өрткө каршы коргоону кошкондо эсептелген суунун агымынын өтүшү үчүн жүргүзүлүүгө тийиш.

Эгерде насостор резервуардагы суунун деңгээлинен жогору жайгашкан болсо, анда насосторду толтуруу үчүн түзүлүштөр каралышы керек же өзүн-өзү соргуч насостор орнотулушу керек.

Резервдик агрегаттары жок насосторду орнотууда бир соруучу линияны орнотуу каралган.

## 14 Камдык жана жөнгө салуучу идиштер

14.1 Камдык жана жөнгө салуучу идиштер (резервуарлар, гидропневматикалык резервуарлар, жылуулук аккумуляторлору) сууну керектөөнү жөнгө салуу үчүн жетиштүү көлөмдө камтууга тийиш.

Резервуардын тиби, анын түзүлүшүнүн максатка ылайыктуулугу жана жайгашкан жери долбоордо аныкталышы керек.

Гидропневматикалык челектер өрткө каршы суунун камын сактоо үчүн долбоорлоого тапшырма боюнча колдонууга жол берилет.

14.2 Муздак жана ысык суу менен камсыздоо тутумдарында басымсыз челек-аккумуляторлорду мончолордо, кир жуучу жайларда жана сууну кыска мөөнөткө топтолгон чыгымдары бар башка керектөөчүлөрдө суу камын түзүү үчүн кароо сунушталат.

14.3 Топтук орнотмолордо чайынма торлору он жана андан көп болгон өнөр жай ишканаларынын тиричилик имараттарында жана жайларында муздак/ысык суунун зарыл чыгымдалышын камсыз кылуу мүмкүн болбогон учурда басымсыз челек-аккумуляторлорду орнотуу керек. Челек-аккумулятордук түзүлүштөрдөн баш тартуу негиздүү болууга тийиш.

14.4 Ичүүчү суунун суу басымы жана гидропневматикалык челек, ошондой эле челек-аккумуляторлор тышкы жана ички коррозияга каршы корголгон металлдан жасалышы керек; ички коррозияга каршы коргоо үчүн 9-тиркемеге (КРӨТ 201) карата бирдиктүү санитардык-эпидемиологиялык жана гигиеналык талаптарды канааттандырган материалдарды колдонуу керек.

Муздак ичүүчү суу менен камсыздоо тутумдары үчүн полимердик материалдардан жасалган челек-аккумуляторлорду 9-тиркемеге (КРӨТ 201) ылайык пайдаланууга жол берилет.

14.5 Суу басымы бар челек жана челек-аккумуляторлор (басымсыз) бийиктиги 2,2 метрден кем эмес, оң температурадагы желдетилген жана жарыктандырылган бөлмөгө орнотулушу керек. Жайдын тирөөч конструкциялары күйбөй турган материалдардан жасалышы керек.

Суу басымы бар челек менен курулуш конструкцияларынын ортосундагы аралык 0,7 метрден кем болбоого тийиш; челек менен курулуш конструкцияларынын ортосунда калкып жүрүүчү клапан жайгашкан жагынан – 1 метрден кем болбоого тийиш; челек үстүнөн төшөлгөнгө чейин – 0,6 метрден кем эмес.

Челек астында түпкүч орнотулууга тийиш. Түпкүчтөн челекке чейинки аралык 0,5 метрден кем болбошу керек.

14.6 Суу басымы бар челектер жана жана челек-аккумуляторлор (басымсыз) үчүн өткөрүүчү түтүктөр каралышы керек:

- калкыма клапандар менен челекке суу берүү үчүн берүүчү түтүктөр. Ар бир калкыма клапандын астына жапкыч чоргоо же тээк орнотулууга тийиш;
- бургуч;
- челекте жол берилген максималдуу суунун деңгээлин белгилөөгө кошулган куюштургуч;

- өткөргүч түтүктүн кошулган участкасында чоргоо же жапкыч менен куюгуч өткөргүч түтүккө жана челектин түбүнө кошулган эңкейиш түтүк;
- түпкүчтөн суу агызуу үчүн суу агызгыч;
- кайтарым клапанды, чоргону/жапкычты орнотуу менен, ысык сууну бөлүп алууда тыныгуу учурунда аккумулятордогу челекти зарыл учурда туруктуу температураны кармап туруу үчүн циркуляциялык;
- челекти атмосфера менен бириктирүүчү желдеткич түтүк (диаметри 25 мм).

Мындан тышкары, төмөнкүлөр каралышы керек:

- ичүүчү сууну сактоо үчүн челектерде муздак сууну айлантуучу түзүлүштөр;
- насостук түзүлүштөрдү күйгүзүү жана өчүрүү үчүн челектердеги суу деңгээлинин датчиктери;
- челектин суунун деңгээлинин көрсөткүчтөрү жана алардын көрсөткүчтөрүн башкаруу пультуна өткөрүү үчүн түзүлүштөр.

Э с к е р т ү ү л ө р

1 Берүүчү жана агызуучу түтүктөр бирөөнө эле бириктирилиши мүмкүн. Мындай учурда челектин түбүндө берүүчү түтүктүн түйүнүндө кайтарым клапан жана жапкыч же чоргону орнотуу каралат.

2 Суу толтурулуучу челекте суунун деңгээлинин сигнализациясы жок болгон учурда, аны насостук орнотмонун кезметчи жайынын раковинасына чыгаруу менен, челекке куюучу түтүктөн 5 см төмөн бириктирүү менен 15 мм диаметрдеги сигнал түтүгүн орнотууну зарыл.

14.7 Гидропневматикалык челектер берүүчү, буруучу жана чыгаруучу өткөрүүчү түтүктөр, ошондой эле алдын алгыч клапандар, манометр, аба камын жөнгө салу жана толуктоо үчүн деңгээл датчиктери жана түзүлүштөрү менен жабдылууга тийиш.

14.8 Идиштин жөнгө салуу көлөмү $W$, м$^3$ төмөнкү формула боюнча аныкталат:

а) суу басымы же гидропневматикалык челектер үчүн, насостун иштеши же насостук түзүлүштөр максималдуу саат агымына барабар же андан жогору:

$$W = \frac{q_{hr}^{sp}}{4n}, \tag{20}$$

Мында $n$ – 2 - 4 ачык челек орнотмолору үчүн кабыл алынган 1 сааттын ичинде насостук түзүлүштүн уруксат берилген саны; гидропневматикалык челек орнотмолоруучүн - 6÷10. Аз кубаттуулуктагы орнотмолор үчүн (10 кВтка чейин) 1 саатта көбүрөөк ишке киргизүү керек.;

б) насостук орнотмонун иштеши максималдуу сааттык агымдан азыраак болгондо суу басымынын челеги же резервуар үчүн

$$W = \varphi T q_T; \tag{21}$$

в) максималдуу бир сааттык жылуулук керектөөнү камсыз кылбаган суу жылыткыч (жылуулук генератору) кубаттуулуктагы ысык суу системасындагы жылуулук челек-аккумулятору үчүн:

$$W = \frac{\varphi T Q_T^h}{1,16\left(65 - t^c\right)}. \tag{22}$$

(21) жана (22) формулаларда $\varphi$- 13.9 ылайык аныкталган жөнгө салуучу

көлөмүнүн салыштырмалуу мааниси.

Чоңдук $T$, $Q_T^h$, $q_T$, $t^c$ 4-бөлүккө ылайык колдонулат.

Э с к е р т ү ү – Турак жай имараттары үчүн ысык суу менен камсыздоо тутумдарынын челек-аккумуляторлорун орнотуу зарылдыгы долбоорлоо тапшырмасы боюнча аныкталышы керек.

14.9 Жөнгө салуучу көлөмдүн салыштырмалуу чоңдугу $\varphi_{1,2}$ төмөнкү формула боюнча аныкталат:

а) эң көп суу керектөөнүн (жылуулук керектөөнүн) эсептик мезгилинин ичинде (сутка, нөөмөт) ар кандай кубаттуулуктагы насостук орнотмонун (суу жылыткычтын) үзгүлтүксүз иштешинде же узак мөөнөттүү кошуу режиминде насостук орнотмонун иштешинде

$$\varphi_1 = 1 - K_{hr}^{sp} + (K_{hr} - 1)\left(\frac{K_{hr}^{sp}}{K_{hr}}\right)^{\frac{K_{hr}}{K_{hr}-1}}; \qquad (23)$$

б) насостук орнотмонун (суу жылыткычтын же жылуулук генераторунун) суу керектөө (жылуулук керектөө) мезгилинин бөлүгүндө бир калыпта жана үзгүлтүксүз иштешинде, анын ичинде эң көп суу керектөө (жылуулук керектөө) сааттары:

$$\varphi_2 = 1 - K_{hr}^{sp} + (K_{hr} - 1)\left(\frac{K_{hr}^{sp}}{K_{hr}}\right)^{\frac{K_{hr}}{K_{hr}-1}} + \left(\frac{K_{hr}^{sp} - 1}{K_{hr}^{sp}}\right)^{K_{hr}}. \qquad (24)$$

Э с к е р т ү ү л ө р

1 $K_{hr}$ ($K_{hr}^{tot}$, $K_{hr}^{h}$, $K_{hr}^{c}$) жана $K_{hr}^{sp}$ маанинин ордуна (23) жана (24) формула боюнча жылуулук аккумуляторун эсептөөдө $K_{hr}^{ht}$ жана $K_{hr}^{sp}$ маанисин колдонуу керек.

2 (23) жана (24) формулалар боюнча эсептелген $\varphi_1$ жана $\varphi_2$ мааниси Д жана Е тиркемелерде келтирилген.

14.10 Суткасына (сменада) максималдуу суу керектөөдө $K_{hr}$ сууну керектөөнүн сааттык бирдей эместигинин коэффициенти төмөнкү формула боюнча аныкталат:

$$K_{hr} = \frac{q_{hr}}{q_T}. \qquad (25)$$

14.11 Суткасына (сменада) максималдуу суу керектөөдө насостор тарабынан суу берүүнүн саат боюнча бирдей эместигинин коэффициенти төмөнкү формула боюнча аныкталат:

$$K_{hr}^{sp} = \frac{Q_{hr}^{h}}{q_T}. \qquad (26)$$

14.12 Ысык суу менен камсыздоо тутумун $T$ максималдуу керектөө мезгилинде, саат (сутка, смена) жылуулук керектөөнүн $K_{hr}^{ht}$ саат боюнча бирдей эместигинин коэффициенти төмөнкү формула боюнча аныкталат:

$$K_{hr}^{ht} = \frac{Q_{hr}^{h}}{Q_T^{h}}. \qquad (27)$$

14.13 Максималдуу керектөө мезгилинде, $T$ саатта (суткада,сменада) ысык

сууну $K_{hr}^{ht,sp}$ даярдоо үчүн жылуулук берүүнүн сааттык бирдей эместигинин коэффициенти төмөнкү формула боюнча аныкталат:

$$K_{hr}^{ht,sp} = \frac{Q^{sp}}{Q_T^h}, \tag{28}$$

мында $Q^{sp}$ - суу жылыткычтын, казандын эсептелген кубаттуулугу, кВт.

14.14 Өнөр жай ишканаларынын турмуш-тиричилик жайларында орнотулуучу челек-аккумуляторлордогу суу камын алар чайынма торлордун санында кабыл алынуучу смена ичинде толтурулган убактысына жараша аныктоо керек:

0÷20 - 2 саат;

21÷30 - 3 саат;

31 жана андан көп – 4 саат.

14.15 Насосторду кол менен, аралыктан же автоматтык түрдө иштетүүдө өрткө каршы суунун кол тийгис камы ички өрт крандарынан чыккан өрттү өчүрүүнүн 10 мүнөттүк узактыгынын эсебинде кабыл алынышы керек, мында өндүрүштүк жана чарбалык-ичүү муктаждыктарына суу көбүрөөк сарпталат.

Өрт насостору кепилденген автоматтык түрдө иштетилгенде өрткө каршы кол тийгис кам каралбоого жол берилет.

14.16 Идиштердин толук сыйымдуулугу $V$, м, төмөнкү формулалар боюнча аныкталышы керек:

а) гидропневматикалык челек үчүн

$$V = W\frac{B}{1-A}; \tag{29}$$

б) суу басымынын челеги же резервуар үчүн

$$V = BW + W_1; \tag{30}$$

в) жылуулук аккумулятору үчүн

$$V = BW, \tag{31}$$

мында $W_1$ – суунун өрткө каршы көлөмү, м$^3$;

$A$ – абсолюттук минималдуу басымдын максималдуу мааниге карата катышы төмөнкүдөй кабыл алынышы керек:

0,8 – тиреөч менен иштеген орнотмолор үчүн;

0,75 – 50 м чейин басымдагы орнотмолор үчүн;

0,7 – 50 м жогору басымдагы орнотмолор үчүн;

$B$ – төмөнкүлөрдө колдонулган челектин сыйымдуулук камынын коэффициенти:

1,2÷1,3 – кайра-кыска мөөнөттүү режимде иштеген насостук орнотмолорду колдонууда;

1,1 – насостук орнотмолордун иштеши суунун максималдуу бир сааттык чыгымынан аз болгондо;

жылуулук аккумулятору үчүн $B$=1.

14.17 Суу басым челегинин жайгашкан бийиктиги (анын ичинде ысык суу челеги) жана гидропневматикалык челектеги минималдуу басым суу бөлүштүрүүчү арматурасынын алдында суунун зарыл болгон басымын камсыз кылууга тийиш, ал эми өрткө каршы же бириктирилген суу түтүк тутумдарында-

өрткө каршы суу камы толугу менен түгөнгөнгө чейин ички өрт крандарында зарыл болгон басымды камсыз кылууга тийиш.

Э с к е р т ү ү – Борбордоштурулган ысык суу менен камсыздоо тутумдарында челек-аккумуляторлор суу камын түзүү үчүн зарыл болгон учурларды кошпогондо (мончолордо, кир жуучу жайларда, өндүрүштүк ишканалардын тиричилик имараттарынын чайындарында ж.б.) каралбашы керек.

14.18 Айланма суу менен камсыздоо тутумдарында жана сууну кайталап пайдалануу тутумдарында сууну чогултуу үчүн резервуарларды имараттын ичинде жана сыртында жайгаштырууга жол берилет. Резервуарлар КР КЧ 40-01 ылайык долбоорлонушу керек.

Резервуардын сыйымдуулугу суунун агымы жана насостордун иштөө графиги боюнча аныкталышы керек.

Насостор менен суунун келиши жана берилиши белгилүү бирдей эмес болгон учурда резервуардын жөнгө салуучу көлөмүн 14.8 ылайык эсептөөгө жол берилет.

## 15 Өзгөчө табигый жана климаттык шарттарда ички суу менен камсыздоо тутумдарына кошумча талаптар

### 15.1 Чөкмө топурактар

15.1.1 II типтеги кыртыш шарттарында имараттын ичинде суу түтүктөрүн орнотуу жана полдун астына түтүктөр (КЧжЭ 2.01.09 классификациясы боюнча) суу өткөрбөөчү каналдарда контролдук кудуктар тарапка эңкейтилип салынышы керек. Имараттын пайдубалынын сырткы кесилишинен контролдук кудукка чейинки суу түтүгүнүн кириштериндеги суу өткөрбөй турган каналдардын узундугу 15.1-таблица боюнча чөккөн топурак катмарынын калыңдыгына жана түтүктөрдүн диаметрине жараша кабыл алынышы керек.

15.1- т а б л и ц а

| Чөгүп жаткан жер катмарынын калыңдыгы, м | Өткөрүүчү түтүктүн диаметри мм болгон учурда каналдын узундугу, м | | |
|---|---|---|---|
| | 100 чейин | 100дөн 300гө чейин | 300 жогору |
| 5 чейин | Чөкпөгөн топурактар үчүн да кабыл алынат | | |
| 5тен 12ге чейин | 5 | 7,5 | 10 |
| 12 жогору | 7,5 | 10 | 15 |

15.1.2 I типтеги кыртыш шарттарында, ошондой эле II типтеги кыртыш

шарттарында КЧжЭ 2.01.09 боюнча жер кыртышында имараттын бардык аянты боюнча топурактын чөгүү касиеттерин толугу менен жоюу менен суу түтүктөрүн орнотууну жана суу менен камсыздоо тутумдарын төшөөнү чөкпөгөн топурак үчүн да кароо керек.

15.1.3 Суу түтүктөрү орнотулган жерлерде фундаменттерди суу түтүгүнүн түбүнөн 0,5 метрден кем эмес көмүү керек.

15.1.4 Имараттын ички суу менен камсыздоо тутумунун түтүктөрүн текшерүү жана оңдоо үчүн ачык төшөө менен биринчи же жер төлөдөгү полдун деңгээлинен жогору коюу сунушталат.

15.1.5 Каналдарда өткөн өткөрүүчү түтүктөрдөн суунун агып кетишин контролдоо үчүн диаметри 1 м болгон контролдук кудуктарды куруу каралышы керек. Каналдын түбүнөн кудуктун түбүнө чейинки аралык 0,7 м кем эмес кабыл алынышы керек. Кудуктун дубалдары 1,5 м бийиктикке чейин жана анын түбү гидроизоляцияга ээ болушу керек.

II типтеги топурак шарттарында кудуктарды орнотууда КЧжЭ 2.01.09 боюнча кудуктардын астындагы негиздерди 1 м тереңдикте тыгыздоо керек.

Контролдук кудуктар аларда суу пайда болгондо автоматтык сигнализация менен жабдылышы керек.

15.1.6 Каналдар имараттын пайдубалына кошулган жерлерде суунун каналдан топуракка өтүү мүмкүнчүлүгүн болтурбоочу түзүлүштөрдү караштыруу зарыл, мында тирөөч конструкциялардын эркин болушун камсыз кылуу керек.

15.1.7 Суу түтүгүнүн кириштерин полдун деңгээлинен төмөн төшөлүүчү ички тармактарга кошууну суу өткөрбөй турган оюктарда кароо керек.

15.1.8 Өткөрүүчү түтүктөрдү төшөө үчүн фундаменттерде же жертөлөлөрдүн дубалдарында түтүк менен курулуш конструкцияларынын ортосунда имараттын пайдубалынын чөгүп кетүүсүнүн эсептик маанисинин 1/3 бөлүгүнө барабар, бирок 0,2 м кем эмес ажырымды камсыз кылуу үчүн оюктар каралууга тийиш. Оюктардагы боштуктар тыгыз, ийкемдүү суу жана газ өткөрбөгөн материал менен толтурулушу керек.

### 15.2 Сейсмикалык райондор

15.2.1 Сейсмикалуулугу 7÷9 баллга жеткен райондор үчүн суу менен камсыздоо тармактарын жана курулмаларын долбоорлоодо жер титирөөдө келип чыгышы мүмкүн болгон өрттү өчүрүү үчүн суу берүүнү, ичүүчү сууну үзгүлтүксүз берүүнү, ошондой эле өндүрүштүн кечиктирилгис муктаждыктарына суу берүүнү камсыздоо боюнча иш-чаралар каралышы керек.

Мындай иш-чараларга суу менен камсыздоо тутумдарын шакектөө, кошумча электр менен жабдуу булактары, авариялык насосторду, запастык жана жөнгө салуучу идиштерди орнотуу кирет.

15.2.2 Сейсмикалуулугу 8 жана 9 балл болгон райондордо жайгашкан өнөр жай ишканаларынын имараттары үчүн суу берүүнү токтотуу аварияга же олуттуу материалдык чыгымдарга алып келиши мүмкүн болсо, суу менен камсыздоонун эки көз карандысыз булагын пайдалануу менен эки киргизүү каралышы керек.

15.2.3 Дубалдарды жана пайдубалдарды салууда түтүктөрдү бекем бекитүүгө жол берилбейт. Түтүктөрдү дубалдар жана пайдубалдар аркылуу өткөрүү өткөргүч түтүк менен курулуш конструкцияларынын ортосунда кеминде 0,2 м көңдөй менен жүргүзүлүшү керек. Көңдөй ийкемдүү, күйбөй турган суу жана газ өткөрбөгөн материал менен толтурулушу керек. Сыйымдуу курулмалардын дубалдары аркылуу түтүктөрдү өткөрүү жылчыксыз түтүк өтүүчү түзүлүш менен же дубалга коюлуучу сальниктерди колдонуу менен аткарылышы керек.

15.2.4 Имараттардын пайдубалдарынын алдына түтүктөрдү болот түтүктөрдүн кутусунда салу каралууга тийиш, мында кутунун үстү менен пайдубалдын таманынын ортосундагы аралык 0,2 м кем болбоого тийиш, же пайдубалды жергиликтүү тереңдетүү керек.

15.2.5 Имараттардын ичинде өткөргүч түтүктөрдө деформациялык тигиштердин өткөргүч түтүктөрү кесилишкен жерлеринде толуктоочторду орнотуу каралышы керек.

15.2.6 Суу түтүктөрүнүн кириштеринде, өлчөөчү түзүлүштөрдүн алдында, ошондой эле өткөргүч түтүктөрдүн насосторго жана суу-басым бактарга кошулган жерлеринде өткөргүч түтүктөрдүн бурчтук жана узунунан жылышына мүмкүндүк берүүчү ийкемдүү бириктирүүлөр каралышы керек.

15.2.7 Суу түтүктөрүн, ички суу түтүк тармактарын, насостук орнотмолордун өткөргүч түтүктөрүн, сууну тазалоо жана даярдоо орнотмолорун, ошондой эле суу толтуруучу бактардын вертикалдуу өткөргүч түтүктөрүн (тик турмалар) киргизүү болоттон жасалган, цинктелген суу газ түтүктөрүнөн же полимердик түтүктөрдөн аткарылышы керек.

Бул максаттар үчүн МАМСТ 18599 боюнча классификацияга ылайык чоюн, хризотилцемент, айнек, ошондой эле жеңил жана орто типтеги полиэтилен түтүктөрүн колдонууга жол берилбейт.

15.2.8 Болот түтүктөрдү бириктирүүнү жүзөгө ашыруу боюнча ширетүү иштерин аткарууда ширетилген бириктирүүнүн түтүктүн бөлүгү менен бирдей бекемдиги камсыздалышы керек.

Кол менен газ ширетүүнү колдонууга жол берилбейт.

Сейсмикалуулугу 9 балл болгон райондордо төшөлүүчү өткөргүч түтүктөрдүн ширетилген бирикмелери ширетүүдө коштомо кошкучтар менен күчөтүлүшү керек.

## 15.3 Иштелип жаткан аймактар

15.3.1 Иштетилип жаткан аймактардын шартында курулуп жаткан имараттардагы ички суу менен камсыздоо тутумдары үчүн аларды КЧжЭ 2.01.09 ылайык жер бетинин кыртышынын деформацияларынын жана имараттардын өздөрүнүн элементтеринин таасиринен коргоо боюнча иш-чаралар каралышы керек.

15.3.2 Өткөргүч түтүктөрдү коргоо боюнча иш-чараларды дайындоо үчүн жер бетинин жылышууларынын жана деформацияларынын күтүлүүчү чоңдуктарын долбоорлонуучу имарат үчүн тоо-геологиялык негиздеменин маалыматтары боюнча кабыл алуу зарыл.

Имараттын айрым бөлүмдөрүнүн жана анын элементтеринин жылышуусунун чоңдугун геологдордун эсептөөлөрү боюнча кабыл алышат.

15.3.3 Имараттардын конструкцияларын иштетүүдөн улам орун которуштуруудан келип чыккан өткөргүч түтүктөрдөгү күч-аракетти азайтуу үчүн компенсациялоочу түзүлүштөрдү колдонуунун, бекитүү түйүндөрүн сарамжалдуу жайгаштыруунун жана тибин тандоонун, имаратка кирүүчү түтүктөрдү өткөрүүнүн эсебинен өткөргүч түтүктөрдүн ийкемдүүлүгүн көбөйтүү керек.

15.3.4 Имараттарга киргизүү үчүн суу түтүгүнүн дайындалышын, түтүктөрдүн талап кылынган бекемдигин, бириктиргичтердин компенсациялык жөндөмдүүлүгүн, ошондой эле техникалык-экономикалык эсептөөлөрдүн натыйжаларын эске алуу менен түтүктөрдүн бардык түрлөрүн колдонуу керек.

15.3.5 Өткөргүч түтүктөрдүн секциялык түйүндөрүнүн кошулуп биригүүлөрү тыгыздоочу серпилгич шакекчелерди же герметиктерди колдонуунун эсебинен ийкемдүү болууга тийиш.

15.3.6 КЧжЭ 2.01.09 I жана II топторунун иштелүүчү аймактарында курулуп жаткан имараттарга суу түтүктөрүн киргизүүдө компенсациялык түзүлүштөр каралышы керек. III жана IV топтордун иштелүүчү аймактарында курулуп жаткан имараттарга киргизүүдө узундугу 20 метрден ашкан учурда компенсациялык түзүлүштөрдү орнотуу каралышы керек.

Кошумча иштөөлөрдүн натыйжасында урчуктун пайда болушу күтүлгөн, курулуп жаткан имараттын аймагында жер астындагы кириштерди салуу каналдарда аткарылышы керек, мында түтүктүн үстү менен каналдын жабуусунун ортосундагы көңдөй урчуктун эсептик бийиктигинен кем болбоого тийиш.

15.3.7 Катуу конструктивдик схема боюнча кошумча иштөөнүн таасиринен корголгон имараттын ички суутүтүктөрүнүн өткөргүч түтүктөрү же анын айрым секциялары үчүн кошумча коргоо талап кылынбайт.

Ийкемдүү конструктивдик схема боюнча корголгон имараттарда өткөргүч түтүктөрдү имараттардын элементтерине бекитүү өткөргүч түтүктүн октук жана туурасынан (горизонталдуу, вертикалдуу) жылышын камсыз кылууга тийиш.

Мындай имараттарда өткөргүч түтүктөрдү жашыруун төшөөгө жол берилбейт.

15.3.8 Тегиздөө жолу менен домкраттар же башка түзүлүштөр менен корголгон имараттарда өткөргүч түтүктөрдүн нормалдуу иштешин камсыз кылуучу иш-чаралар каралышы керек.

Мындай имараттарда тик турмаларды магистралга туташтырган жана ажыратуучу өткөргүч түтүктөрдү тайгалак тигиштин үстүндө жайгашкан имараттын элементтерине бекиткен жерлерде коргоо чаралары катары өткөргүч түтүктөрдүн горизонталдуу жана вертикалдуу жылышуусун камсыз кылуучу толуктоочтор каралышы керек. Орун которуулардын чоңдугу имараттардын эсептик ийкемдүүлүгү жана өткөргүч түтүктүн температуралык узартуулары менен аныкталат.

15.3.9 Бир нече бөлүмдөн турган имараттар үчүн суу түтүгүн ар бир бөлүмгө киргизүү каралышы керек. Деформациялык тигиштердин өткөргүч түтүктөрү кесилишкен жерлерге толуктоочторду орнотууда бөлүмдөрдүн бирине

бир киргизгичти орнотууга жол берилет. Киргизүү түзүлүштөрүнүн варианты техникалык-экономикалык көрсөткүчтөр менен аныкталат.

15.3.10 Суу түтүгүнүн квартал ичиндеги транзиттик тармактарын имараттардын техникалык жер кабаттагы жерлери же жертөлөлөрү боюнча салууда имараттардын конструкциялары менен өткөргүч түтүктөрдүн күч менен өз ара аракеттенүүсүн жокко чыгаруучу иш-чаралар каралышы керек.

Мындай өткөргүч түтүктөрдөгү толуктоочторду деформациялык тигиштердин кесилишкен жерлеринде жана транзиттик өткөргүч түтүктөрдөн ички тармактын тик турмаларына чейинки бутактанууларда жайгаштыруу зарыл. Өткөргүч түтүктөр аркылуу имараттардын кабаттарынын чегинде деформациялык тигиштерди кесип өтүүгө жол берилбейт.

15.3.11 Имараттын жер кабатында же жертөлөсүнүн ичинде өткөргүч түтүктөрдү дубалга бекитилген өз алдынча таянычтарга жана кронштейндерге коюуга жол берилет. Өткөргүч түтүктөрдү таянычтарга бекитүү түтүктөрдүн октук жана вертикалдуу жылышына жол бериши керек.

15.3.12 Жер бетине рудниктик газ бөлүп берүү мүмкүн болгон зоналардагы имараттар үчүн суу түтүгүнүн кириштерин алар боюнча газдын бул имараттардын жертөлөлөрүнө жана жер кабатка кирип кетишинен коргоону караштыруу керек.

15.3.13 Ийкемдүү толуктоочторду орнотууда алардын компенсациялоо жөндөмдүүлүгүн имараттын чектеш бөлүмдөрүнүн жылышынын эсептик чоңдугуна жана өткөргүч түтүктөрдүн температуралык узартылышына жараша аныктоо керек.

15.3.14 Имараттардын пайдубалдарынын астына түтүктөрдү төшөө болот түтүктөрдөн жасалган кутуларда каралышы керек же фундаментти жергиликтүү тереңдетүүнү аткарышы керек.

Кутулардын бекемдигин эсептөө негиздердин деформацияларынын таасиринен келип чыккан жүктөрдү эске алуу менен аткарылышы керек.

15.3.15 Дубалдардын жана имараттардын пайдубалдарынын жабылышына өткөргүч түтүктөрдү бекем бекитүүгө жол берилбейт. Дубалдар жана пайдубалдар аркылуу түтүктөрдү өткөрүү үчүн тешиктер түтүк менен курулуш конструкцияларынын ортосундагы имараттын негизинин деформацияларынын эсептик чоңдугуна барабар көңдөйдү камсыз кылууга тийиш. Пайдубалдын тешиктериндеги көңдөйлөр тыгыз ийкемдүү суу жана газ өткөрбөгөн материал менен толтурулушу керек.

15.3.16 Каналдар имараттын пайдубалына кошулган жерлерде каналдардан топуракка суунун киришин болтурбоочу түзүлүштөр каралышы керек. Мында тирөөч конструкциялардын эркин тунушун камсыз кылуу зарыл.

### 15.4 Көп жылдык тоң кыртыштар

15.4.1 Имаратка суу түтүктөрүн киргизүүнү долбоорлоодо имаратты куруунун жана эксплуатациялоонун натыйжасында болушу мүмкүн болгон көп жылдык тоң кыртыштардын температуралык режимин өзгөртүү мүмкүндүгүн эске алуу, ошондой эле коңшу имараттардын жана курулмалардын негиздеринин

кыртыштарга жылуулук таасирин тийгизбөөнү кароо зарыл, ал өткөргүч түтүктөрдүн нормалдуу жана авариялык иштөө режиминде имараттардын жана курулмалардын жол берилбеген деформацияланышына алып келиши мүмкүн.

15.4.2 Өткөргүч түтүктөрдү салууда көп жылдык тоң кыртыштардын (чөгүү, көтөрүлүү, термокарстык чөкмөлөр, солифлюкциялар, аяздуу жаракалар) өткөргүч түтүктөрдүн конструкцияларына механикалык таасирин жокко чыгарууну же чектөөнү камсыз кылуучу чараларды көрүү керек.

15.4.3 Суу түтүктөрүн киргизүү жер үстүндө төшөө менен же желдетилген каналдарда, башка инженердик тармактарды салуу менен айкалышта каралышы керек. Имараттардын жер кабатында өткөргүч түтүктөрдү максималдуу төшөөнү колдонуу керек.

15.4.4 Салыштырмалуу арзан наркты жана эксплуатациялоонун ыңгайлуулугун эске алуу менен негиздердин кыртыштарына өткөргүч түтүктөрдүн жылуулук таасирин жокко чыгаруу талап кылынган бардык учурларда жер үстүнө кириштерди төшөө каралышы керек.

15.4.5 Өткөргүч түтүктөрдүн жер үстүнө төшөлүшүн төмөнкүлөрдө караштыруу зарыл:

а) мачталарда, эстакадаларда жана имараттардын жана курулмалардын конструкцияларында. Өткөргүч түтүктөрдү тейлөөүчүн шаймандар (тепкичтер, аянтчалар, көпүрөлөр ж.б.) төмөнкү температура, кыштын катуу шамалы жана полярдык түн шарттарында өткөргүч түтүктөрдү эксплуатациялоону эске алуу менен каралышы керек;

б) бийиктиги 1,2 метрден кем эмес имараттардын желдетилүүчү жер кабатта суу чыгаруучу лотокторду караштыруу менен.

15.4.6 Жер астындагы өткөргүч түтүктөрдү төшөөгө жер үстүндөгү жана жер үстүндөгү төшөөгө жол берилбеген учурларда гана жүргүзүү керек. Жер астындагы өткөргүч түтүктөрдү төшөө каналдарда же тоннелдерде гана жүргүзүлүшү керек.

Чөкмө көп жылдык тоң кыртыштарда төшөлүүчү өткөргүч түтүктөрдүн туруктуулугу негиздердин топурагын тоңгон абалда сактоо же эрип калышы мүмкүн болгон зонанын негиздериндеги чөкмө топурактарды чөкпөгөндөргө алмаштыруу, ошондой эле өткөргүч түтүктөрдүн эсептик жылуулук режимин сактоо менен камсыздалышы керек.

15.4.7 Тоңуп калуусу 3÷4 метрден ашкан райондордо, ошондой эле өзгөчө оор кыртыш шарттарында (сууга каныккан жана аскалык топурактар) өткөргүч түтүктөрдү төшөөгө 15.3.14÷15.3.16 баяндалган талаптарды аткаруу шартында топурактын мезгилдүү тоңуп калуу зонасында жүргүзүүгө жол берилет.

15.4.8 Жер астындагы каналдарда өткөргүч түтүктөрдү салуу ар кандай арналыштагы инженердик тармактарды биргелешип жайгаштырууда колдонулушу керек, мында каналдардын түбү негиздердин кыртышына минималдуу жылуулук таасир этүүдө сууну кетирүүнү камсыз кылуучу лоток менен аткарылышы керек.

Өткөргүч түтүктөрдүн астындагы каналдардын түбүнө суунун эркин агуусуна жана музду жок кылууга тоскоол болгон таянычтарды орнотууга жол

берилбейт.

15.4.9 Жер астындагы каналдар жана тоннелдер чөкпөгөн топурактарда же жолдор аркылуу өтүүчү өткөөл трассалардын кыска участокторунда, имараттарга кирүүчү жерлерде гана каралышы керек. Суу чыгаруу жана желдетүүнүн ишенимдүүлүгүн камсыз кылган каналдын бийиктиги кадимки шарттарга салыштырмалуу 20%÷30%га көбөйтүлүшү керек.

15.4.10 Жер астындагы каналдар жана тоннелдер каналдардын жана тоннелдердин ичиндеги абанын жылдык орточо температурасынын терс маанилерин камсыз кылуучу табигый желдетүү тутуму менен жабдылышы керек.

Имараттардын инженердик жабдуу тутумдарын башкаруу түйүндөрүн биринчи кабаттарда канализацияга суунун агышы үчүн жер төлөдөгү жабууларга жана траптарга кошумча жергиликтүү жылуулук жана гидроизоляция орнотууну кароо менен жайгаштыруукерек.

Өткөргүч түтүктөр имараттардын конструкциялары аркылуу өтүүчү жерлерде, ошондой эле каналдар жана тоннелдер имараттардын пайдубалдарына жана дубалдарына кошулган жерлерде өткөргүч түтүктөрдүн, каналдардын, тоннелдердин жана имараттардын вертикалдуу жылышынын мүмкүн болгон айырмасына эсептелген жумшак кошулууларды түзүүнү кароо зарыл.

15.4.11 Имараттардын желдетилген жер астындагы чектеринде сальниктик толуктоочтордун, коё берүүчү жана аба крандарынын жабуучу жана жөнгө салуучу арматураларын өткөргүч түтүктөргө орнотууга жол берилбейт.

Бургучтардын жана түтүктөрдүн туташууларынын санын, атап айтканда ширетилген бургучтары жана башка фасондук бөлүктөрдү минималдуу чектөө керек.

15.4.12 Кудуктардын тармагына жайгаштырууда кыртыштын аяздык кеңейүүсүнүн терс таасирине каршы чаралар колдонулушу керек.

15.4.13 Суу түтүк тармактарын төшөөнүн баардык ыкмаларында өткөргүч түтүктөрдүн иштөөсүнүн эсептик жылуулук жана гидравликалык режими бузулган мезгилде нормалдуу эксплуатациялоодо сууну тоңуп калуудан сактоо боюнча иш-чараларды төмөнкүлөр менен кароо керек:

- өткөргүч түтүктөрдөгү суунун максималдуу жол берилген ылдамдыгы менен үзгүлтүксүз жылышын камсыз кылуучу схемаларды колдонуу;
- өткөргүч түтүктөрдүн жылуулук изоляциясы;
- өткөргүч түтүктөрдү жылытуу;
- тоңуп калууга каршы туруктуу жана автоматтык коргоочу атайын арматураларды колдонуу.

15.4.14 Суу кыймылынын үзгүлтүксүздүгүн төмөнкүлөрдү колдонуу менен камсыздоо керек:

- кургак резервдөөчү туташтыргычтары бар туюк суу берүү схемаларын колдонуу менен;
- сууну айланту менен схемаларды колдонуу менен;
- айрым участоктордо суунун температурасы токтогондо же коркунучтуу төмөндөтүлгөндө суу түтүктөгү сууну канализацияга канализацияга агызуучу автоматтык чыгарууларды пайдалануу менен.

15.4.15 Өткөргүч түтүктөрдү каналдарга салууда була жана (же) көбүртүлгөн материалдарын, пенобетонду, ошондой эле башка синтетикалык материалдарды кошуп колдонуу менен жылуулук изоляциясын колдонуу керек.

15.4.16 Нормалдуу жана авариялык режимдерде ылдамдыктын төмөндөшүнөн жана температуранын төмөндөшүнөн улам суу тоңуп калышы мүмкүн болгон участоктордо өткөргүч түтүктөрдү жылытуу каралышы керек.

Түтүктөрдү жылытуу үчүн жылуулук тармактарынын түтүктөрү менен жалпы жылуулук изоляциясында биргелешкен түтүктөрдү орнотуу же түтүктөрдүн бетине түз төшөлгөн өзүн-өзү жөнгө салуучу электр кабели колдонулушу керек. Кабелди бурап жайгаштырууга суу түтүк арматурасы орнотулган кириштерде жана жерлерде гана уруксат берилет. Түтүк жылытуу тутумдарын электр менен жабдуу автоматтык жылытуу башкаруу тутумун орнотуу менен жергиликтүү тармактан уюштурулушу керек.

15.4.17 Имаратка суу түтүгүнүн кириштериндеги түтүктөрдүн диаметри эсептөөгө карабастан 50 мм кем эмес кабыл алынышы керек.

Суу түтүгүнүн кириштерине арматура, колодон же полимерлерден жасалган коё берүүчү жана аба крандары орнотулуп, ийилген толуктоочтор жана бургучтар колдонулушу керек.

15.4.18 Агызуу мүмкүнчүлүгү үчүн түтүктөр 0,002ден кем эмес эңкейиште орнотулушу керек.

## 16 Саркынды сууларды чыгаруу тутумдары

16.1 Имараттын арналышына жана агынды сууларды чогултууга жана агызууга коюлган талаптарга жараша ички канализациянын төмөнкүдөй тутумдары каралышы керек:

- турмуш-тиричилик – санитардык алеттерден жана тиричилик техникасынан (униташтектерден, жуунгучтардан,ванналардан, чайынмалардан, кир жуугуч жана идиш жуугуч машиналардан) агынды сууларды буруу үчүн;
- өндүрүштүк – өндүрүштүк агынды сууларды буруу үчүн;
- дренаждык – эксплуатациялоонун натыйжасында шарттуу таза суу буруу зарыл болгон ар кандай жабдуулардан агынды сууларды буру үчүн, ошондой эле өрттү табуу жана өчүрүүнүн автоматтык тутумдары менен корголууга тийиш болгон имараттардын, курулмалардын, жайлардын жана жабдуулардын тизмегине ылайык сыноо учурунда же өрт өчүрүүдөн кийин төгүлгөн өрт өчүрүүчү заттарды буруу үчүн (КРӨТ №196);
- бириккен – турмуш-тиричилик жана өндүрүштүк агынды сууларды биргелешип ташуу жана тазалоо мүмкүн болгон шартта буруу үчүн;
- ички суу агызгычтар – имараттын чатырынан жамгыр жана эриген сууларды буру үчүн.

Өндүрүштүк имараттарда курамы, агрессивдүүлүгү, температурасы жана башка көрсөткүчтөрү боюнча айырмаланган агынды сууларды буруу үчүн арналган канализациянын бир нече тутумун кароого жол берилет, аларды эске алуу менен аралаштырууга жол берилбейт же максатка ылайыксыз.

16.2 Өндүрүштүк жана тиричилик канализациясынын өзүнчө тутумдары төмөнкүлөр үчүн каралууга тийиш:

- агынды суулары иштетүүнү же тазалоону талап кылган өндүрүштүк имараттар үчүн;
- жылуулук тоскучтарды орнотууда же жергиликтүү тазалоочу курулмалар болгондо мончолордун жана кир жуучу жайлардын имараттары үчүн;
- көп функционалдуу имараттар жана комплекстер, дүкөндөр, коомдук тамактануу ишканалары жана тамак-аш продукциясын кайра иштетүү боюнча ишканалар үчүн.

16.3 Турмуш-тиричилик суулары менен бирге бөлүнүүгө жана тазаланууга тийиш болгон өндүрүштүк агынды суулар калктуу конуштардын канализация тармагындагы өндүрүштүк агынды сууларды кабыл алуунун аймактык эрежелеринин талаптарына жооп берүүгө тийиш.

## 17 Санитардык-техникалык приборлор жана агынды сууларды кабыл алгычтар

17.1 Имараттарга түрлөрү, типтери жана саны техникалык тапшырмага жана долбоордук документтерге ылайык келген санитардык алеттер жана агынды сууларды кабыл алгычтар орнотулушу керек.

17.2 Конструкциясында гидравликалык жапкычтар (сифондор) жок өндүрүштүк агындылардын санитардык приборлору жана кабыл алгычтары тиричилик же өндүрүштүк канализацияга кошулганда канализация тармагынан бөлмөгө жыттардын жана зыяндуу газдардын киришин болтурбоочу гидравликалык жапкычтар менен жабдылышы керек.

Эскертүүлөр

1 Бир жайга орнотулуучу жуунгучтардын тобу (үчтөн көп эмес) же эки бөлүмдөн турган жуунгучтар үчүн диаметри 50 мм болгон ревизиясы бар бир жалпы сифон орнотууга жол берилет.Чайынма түпкүчтөрүнүн тобунан ревизиясы бар жалпы сифон орнотууга жол берилет.

2 Ар бир өндүрүштүк жуучужай (жуучу ванна) үчүн ар бир бөлүм үчүн диаметри 50 мм сифон менен өзүнчө кабыл алуучу куйгуч каралышы керек.

3 Аркандай жайлардын жалпы дубалынын эки тарабында жайгашкан эки жуунгучту бир сифонго бекитүүгө жол берилбейт.

17.3 Өндүрүштүк агынды сууларды кабыл алгычтардын тиби жана саны долбоордун технологиялык бөлүгү менен аныкталат.

17.4 Турак жай имараттарынын жуунучу бөлмөлөрүндө кир жуугуч машиналар үчүн муздак сууну туташтыруучу жерлерди жана агындыларды кабыл алуу үчүн сифондорду орнотууну өзүнчө кароо сунушталат.

17.5 Мектепке чейинки билим берүү уюмдарында, жалпы билим берүү уюмдарында (кенже класстардын окуучулары үчүн), бекеттердеги, аэропорттордогу жана башка коомдук имараттардагы эненин жана баланын бөлмөлөрүндө, балдардын дарылоо-алдын алуу уюмдарында санитардык-техникалык жабдуулар мектепке чейинки жана кенже мектеп жашындагы балдардын пайдаланышын эске алуу менен долбоорлонууга тийиш.

17.6 Өндүрүштүк жана коомдук имараттарда аялдардын жеке гигиена

жайларында гигиеналык чайынмаларды орнотуу каралышыкерек.

17.7 Көп кабаттуу тосмолордо жайгашкан чайынмаларда, ошондой эле өнөр жай ишканаларынын жана спорттук курулмалардын тиричилик жайларында чайынма түпкүчтөрүн орнотуу сунушталат.

17.8 Траптар төмөндөгүлөрдө орнотулушу керек:

- диаметри 50 мм - чайынмаларда 1÷2 чайынмага;
- диаметри 100 мм:
- чайынмаларда 3÷4 чайынмага;
- чайынма түпкүчтөрү менен чайынмаларда–жайга 1;
- мейманканалардын, санаторийлердин, кемпингдердин, турбазалардын үч же андан көп униташтеги бар; үч же андан көп жана писсуары бар коомдук даараткааналарынын төшөлмөсүндө;
- беш же андан көп жуунгуч менен жуунуучу жайларда;
- аялдардын жеке гигиенасы жайларында;
- таштанды жыйноочу камераларда;
- өндүрүштүк жайларда төшөлмөлөрдү нымдуу тазалоо зарыл болгондо же өндүрүштүк максаттар үчүн;
- жыйноочу шаймандардын жайларында, сугат краны менен суу киргизилген учурда.

Э с к е р т ү ү л ө р

1 Чайынма бөлмөсүнүн лотогуна төрт чайынмадан ашпаган бир трапты орнотууга жол берилет.

2 Туракжай имараттарынын, мейманканалардын жана пансионаттардын жуунучу бөлмөлөрүндө, туракжай имараттарынын жуунучу бөлмөлөрүндө, мейманканалардын жана пансионаттардын бөлмөлөрүндө траптар чайынма түпкүчүнүн ролун аткарган учурларды кошпогондо, траптар орнотулбайт.

17.9 Чайынма бөлмөлөрүнүн төшөлмөсүнүн жантайышын лоток же трап тарапка 0,01÷0,02 кабыл алуу керек. Лотоктун туурасы кеминде 200 мм жана баштапкы тереңдиги кеминде 30 мм болушу керек.

17.10 Суу бөлгүч арматурасы менен сууну киргизүү жана агынды сууларды кабыл алгычтарды орнотуу каралган турак жана коомдук имараттардын бардык жайларында ошондой эле төмөндө жайгашкан жайларды жылчыктардан коргоо үчүн төшөлмөнү гидроизоляциялоо каралышы керек.

17.11 Санитардык приборлор таза төшөлмөнүн деңгээлинен орнотуунун бийиктиги МАКЧ 3.02-05, КЧжЭ 3.05.01, КР КЧ 31-04, КР КЧ 35-01, КР КЧ 31-08 көрсөтүлгөн өлчөмдөргө ылайык келиши керек.

## 18 Саркынды сууларды чыгаруу тутумдарын орнотуу

18.1 Агынды сууларды жабык өткөргүч түтүктөр аркылуу тартылуу күчү менен буруу керек.

Жагымсыз жыты болбогон жана зыяндуу газдар менен бууларды бөлбөй турган өндүрүштүк агындыларды, эгерде бул технологиялык зарылчылык менен шартталса, жалпы гидравликалык жапкычтардын түзүлүшү бар ачык лотоктор боюнча өзү агып чыгууга жол берилет.

18.2 Канализациялык тармактын участокторун 19.1 ылайык эңкейиш менен түз сызыктуу төшөө керек. Канализациялык өткөргүч түтүктөрдү салуу багытын өзгөртүү жана санитардык приборлорду кошуу бириктирүүчү (өтмө) тетиктердин жана фасондук бөлүктөрдүн жардамы менен аткарылышы керек.

Ар кандай материалдардан жасалган (ар кандай гидравликалык мүнөздөмөлөрү менен) курама буруучу (горизонталдуу) өткөргүч түтүктө колдонууга жол берилбейт.

Курама буруучу (горизонталдуу) өткөргүч түтүктүн жантаймасын өзгөртүүгө жол берилбейт.

18.3 Канализациялык тик турмалар узундугу боюнча түз болушу керек. Бул шартты аткаруу мүмкүн болбогон учурда, бул алеттердин гидравликалык жапкычтары үзүлүүдөн кепилдик берилген шартта астына санитардык-техникалык приборлор кошулган канализациялык тик турмаларда чегинүүлөрдү орнотууга жол берилет:

- эгерде чегинүүнүн астындагытик турманын бөлүгү желдетилбеген тик турма катары иштей алса, тик турманын желдетилбеген бөлүгүнүн максималдуу өткөрүү жөндөмдүүлүгү түтүктөрдүн диаметрине жана материалына жараша желдетилбеген тик турмалардын тиешелүү өткөрүү жөндөмдүүлүгүнүн таблицалары боюнча аныкталышы керек. Мында максималдуу эсептик чыгымды бүткүл тик турма боюнча эсептөө зарыл экенин эске алуу зарыл (тик турмадагы бардык алеттерди эске алуу менен: чегинүүгө чейин жана андан кийин), ал эми тик турманын желдетилбеген бөлүгүнүн бийиктигиболуп горизонталдык өткөргүч түтүктүн (чегинүүнүн) тик турмага өтүү чекитинен тик турманын курама буруучу (горизонталдуу) өткөргүч түтүккө өтүү чекитине чейинки аралык эсептелет;

- эгерде чегинүүнүн астындагы тик турманын бөлүгү аба клапаны менен жабдылган желдетилбеген тик турма катары иштей алса. Мында бүткүл тик турма боюнча максималдуу эсептик чыгым КЭ 40-107 көрсөтүлгөн маанилерден ашпоого тийиш. Аба клапанын горизонталдык өткөргүч түтүктүн (чегинүүнүн) тик турмага өтүү чекитинен төмөн, санитардык-техникалык алеттерди тик турманын желдетилбеген бөлүгүнө туташтыруунун үстүнө орнотуу керек;

- эгерде чегинүүнүн ылдый жагында жайгашкан тик турманын бөлүгүн желдетүү үчүн желдетүүчү өткөргүч түтүктү орнотуу аткарылса.Бул учурда санитардык-техникалык приборлорду тик турманын желдетилбеген бөлүгүнө туташтырганга чейин тик турманын горизонталдык өткөргүч түтүккө (чегинүүгө) өтүү чекитинин үстүндө жайгашкан тик турманын төмөнкү бөлүгүн жана тик турманын горизонталдык өткөргүч түтүгүнүн (чегинүүнүн) өтүү чекитинин алдындагы тик турманын жогорку бөлүгүн желдетүүчү өткөргүч түтүк менен бириктирүү керек. Желдетүүчү өткөргүч түтүктүн диаметри тик турманын диаметри менен бирдей кабыл алынышы керек, ал эми канализациялык тик турманын чегинүүдөн төмөн өткөрүү жөндөмдүүлүгү ошол эле диаметрдеги желдетилген тик турмадай болот.

18.4 Жертөлөлөрдөгү жана техникалык жер кабаттардагы жайлардын шыбынын алдында жайгашкан агызуучу өткөргүч түтүктөрдү тик турмага туташтыруу үчүн кыйгач төрт илтиктер жана үч илтиктер каралышы керек.

Тик турма курама буруучу (горизонталдуу) өткөргүч түтүккө өткөн учурда 90° (87,5°) бургучту колдонууга тыюу салынат. Тик турманын төмөнкү бургучун 45° боюнча эки бургучтан же 30°боюнча үч бургучтан же 22,5° боюнча төрт бургучтан кем эмес монтаждоо керек. Зарыл учурларда 22,5° боюнча 45°+30° же 45°+22,5° же 45°+2° бургучтарды колдонууга жол берилет.

Тик турмаларды горизонталдык транзиттик өткөргүч түтүктөргө 90° (87,5°) үч илтиктин жардамы менен кошууга тыюу салынат (имараттардын чатырынан тышкары).

Горизонталдык тегиздикте өзү агуучу өткөргүч түтүктөрдүн айлануу түйүндөрү экиден кем эмес фасондук бөлүктөрдөн (эки же андан көп бургуч, үч илтик жана бургуч ж.б.) аткарылышы керек.

Кабаттарынын саны 10дон көп болгон имараттар үчүн төмөнкү кабаттын санитардык приборлорунун тик турмасына кошулуусу менен буруучу (горизонталдуу) өткөргүч түтүктөгү тик турманын өтүү чекитинин ортосундагы 1 метрден аз аралыкта бул приборлорду түздөн-түз буруучу (горизонталдуу) өткөргүч түтүккө өз алдынча (кошумча) тик турма менен бириктирүү керек. Кошумчатик турма негизги тик турмага бир кабаттын чегинде канализациялануучу приборлорду 45° бурч менен туташтырган жерден жогору; буруучу (горизонталдуу) өткөргүч түтүккө – жогору жактан эки фасондук бөлүктөн кем эмес (эки же андан көп бургуч, үч илтик жана бургуч ж.б.) 45° бурч менен гана жана негизги тик турманын курама буруучу (горизонталдуу) өткөргүч түтүккө өтүү чекитинен 1,5 метрден жакын эмес бириктирилиши керек.

18.5 Чоюн жана полимер өткөргүч түтүктөрүн бириктирүү атайын өткөөл кошкучтарды колдонуу менен жүргүзүлүшү керек.

Тик турмаларды курама буруучу (горизонталдуу) өткөргүч түтүккө бириктирүү горизонталдык тегиздикте 45° бурч менен экиден кем эмес фасондук бөлүк менен (эки же андан көп бургуч, үч илтик жана бургуч ж.б.) гана аткарылышы керек.

Түз төрт илтиктерди горизонталдык жана вертикалдык тегиздикте жайгаштырууда колдонууга жол берилбейт.

18.6 Буруучу өткөргүч түтүктөрдү ваннадан бир тик турмага бир белгиде эки тараптуу бириктирүүгө кыйгач төрт илтикти колдонууда гана жол берилет.

Бир кабаттагы ар кандай батирлерде жайгашкан санитардык приборлорду бир тик турмага же өткөргүч түтүккө бириктирүүгө жол берилбейт.

18.7 Басымсыз жана басымдуу тиричилик агынды суу тутумдары үчүн түтүктөр жана бириктирүүчү бөлүктөр полимердик материалдардан, дат баспас болоттон, чоюндан, ширетилбеген бириктиргич кошкучтарда коррозияга каршы ички жана тышкы каптоо менен болоттон кабыл алынышы керек.

Болот түтүктөрдү ички жана тышкы коррозияга каршы каптоосуз колдонууга жол берилбейт.

18.8 Имараттардын ички канализация тармактарын туруктуу температурасы 55°С кем эмес жана кыска мөөнөттүү (1 мүнөттөн кем эмес) температурасы 95°С кем эмес жана эксплуатациялоонун эсептик мезгили 25 жылдан кем эмес болгон агынды сууларды ташууга эсептелген канализациялык түтүктөрдөн долбоорлоо

керек.

Эскертүүлөр

1 Полипропиленден (ПП) жана полиэтиленден (ПЭ) жасалган түтүктөр үчүн басымсыз канализация тутумдарында (суюктукту жапырт сарптоодо) ташылуучу чөйрөнүн температурасын кыска мөөнөткө +100°С чейин, поливинилхлоридден (ПВХ) түтүктөрдө +65°С чейин жогорулатууга жол берилет.

2 Фасондук бөлүктөрдүн кызмат мөөнөтү түтүктөрдүн кызмат мөөнөтүнө ылайык келиши керек, мында фасондук бөлүктөрдү жана ар кандай полимердик материалдардан жасалган түтүктөрдү колдонууга жол берилбейт.

3 Бириктирүү ыкмалары (ажыратылма жана ажыратылбас), ошондой эле түтүктөрдү жана фасондук тетиктерди бириктирүү үчүн пайдаланылуучу материалдар (фланецтер, тыгыздоочу шакекчелер, чаптоочу курамдар ж.б.) канализация тутумун эксплуатациялоонун эсептик мезгилин төмөндөтпөшү керек.

Басымсыз канализация тутумдарында, мисалы ашкана тик турмаларын жана ашкана жуугучтарынын сифондорун, агынды сууларды кабыл алгычтарды жана коомдук тамактануу жайларынын өткөргүч түтүктөрүн, кир жуучу жайларды, суу даярдоочу пункттарды долбоорлоодо жана температурасы +100°С чейин болгон от каналарды, жылуулук пункттарын жана эксплуатациялоо шарттары боюнча температурасы +100°С болгон агындылар (анын ичинде авариялык) түзүлүшү мүмкүн болгон башка жайларды долбоорлоодо, ППдан жасалган түтүктөр үчүн ташылуучу чөйрөнүн температурасына +95°С чейин жол берилет.

18.9 Ички канализация тутумдарынын өткөргүч түтүктөрүнүн төшөлүшүн төмөнкүчө кароо керек:

- жашырылган-тосмо конструкциялары күйбөй турган материалдардан жасалган, тик турмаларга жеткиликтүүлүктү камсыз кылуучу бет панелден тышкары («Өрт коопсуздугу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы боюнча Г2ден төмөн эмес күйүү тобуна киргизилген материалдардан жасалган эшик түрүндө даярдалат) курулуш конструкциясында, төшөлмө алдында (жерде, жашыруун каналдарда), панелдерде, дубалдардын кобулдарында, колонналардын каптоолорунун алдында (дубалдардын, колонналардын жанындагы жанаша турган кутуларда), жамалган шыптарда, санитардык-техникалык кабиналарда, вертикалдык шахталарда, төшөлмөдөгү плинтустун артында, монтаждык коммуникациялык шахталарда, штрабдарда, каналдарда, кутучаларда жасоо менен. Тик турмалардагы ревизиялардын маңдайында жашыруун төшөөдө 0,3×0,4 метрден кем эмес өлчөмдөгү люктар каралышы керек;

- ачык-имараттардын жер кабаттарында, жертөлөлөрүндө (өндүрүштүк кампа жана кызматтык жайлардан тышкары), техникалык кабаттарда, инженердик тармактарды жайгаштыруу үчүн арналган жайларда, имараттардын конструкцияларына (дубалдарга, колонналарга, шыптарга, фермаларга, атайын таянычтарга) бекитүү менен; өндүрүштүк жана көмөкчү жайларда, коридорлордо, ошондой эле турак жай имараттарынын чатырларында, санитардык түйүндөрдө.

18.10 Ички канализация жана суу агымы тутумдары үчүн төмөнкү шарттар сакталышы керек:

а) имараттын төшөлмөсүнүн астындагы жерге полимердик материалдардан жасалган түтүктөр менен ички канализация тутумунун өткөргүч түтүктөрүн мүмкүн болгон жүктөмдөрдү эске алуу менен төшөөгө жол берилет;

б) тик турмалардын калкалар аркылуу өтүүчү жерлери калканын бүткүл калыңдыгына цемент эритмеси менен жабылышы керек;

в) тик турманын горизонталдык буруучу өткөргүч түтүккө чейинки участогу (бирок 5÷8 сантиметрден көп эмес) калыңдыгы 2÷3 см цемент эритмеси менен корголушу керек;

г) нормалануучу отко туруктуулугу бар тосуучу конструкцияларды өткөргүч түтүктөр менен кесип өтүүдө кесилиш түйүндөрүнүн отко туруктуулугу боюнча талаптар «Өрт коопсуздугу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамынын талаптарына ылайык аткарылууга тийиш;

д) ички канализация жана суу агымы тутумдарын полимердик материалдардан жасалган түтүктөр менен өзүнчө турган жана имаратка кошо тиркелген автомобилдердин токтоочу жайлары аркылуу төшөөгө жол берилбейт.

Э с к е р т ү ү – Түтүктөргө тик турманы эритме менен жабуунун алдында калыңдыгы 30 мм күйбөй турган жылыткычтан жасалган, сыртынан гидроизоляциялык же фольга менен капталган үн өткөрбөөчү калканчты көңдөйсүз бекитүү керек.

18.11 Ички канализациянын өткөргүч түтүктөрүн төшөөгө төмөнкүлөрдө жол берилбейт:

- шыптын алдында, дубалдардын жанында, турак бөлмөлөрдүн, мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын уктоочу жайларынын, мейманканалардын, оорукана палаталарынын, дарыгердик кабинеттердин, түштөнүү залдарынын, администрациялык имараттардын жумушчу бөлмөлөрүнүн, жыйындар залдарынын, көрүү залдарынын, китепканалардын, окуу аудиторияларынын, электр калкан жана трансформатордук, автоматика башкаруу пульттарынын жана өзгөчө санитардык режимди талап кылган өндүрүштүк жайлардын дубалдарында жана төшөлмөлөрүндө;

- коомдук тамактануу ишканаларынын, ашканалардын, соода залдарынын, тамак-аш азыктары жана баалуу товарлар кампаларынын, вестибюлдердин, баалуу көркөм жасалгасы бар жайлардын, нымдын кирүүсүнө жол берилбеген өндүрүштүк мештер орнотулуучу жерлердеги өндүрүштүк жайлардын, аларга нымдуулуктун түшүүсүнөн сапаты төмөндөй турган баалуу товарлар жана материалдар өндүрүлүп жаткан жайлардын шыпынын астында.

Э с к е р т ү ү л ө р

1 Ашканалардын аймагында жайгашкан жана турак жай имараттарындагы ашканалардын санитардык-техникалык алеттерин тейлеген тик турмаларга (ашкана тик турмаларына) ашкана жуучу жайларын, идиш жуугуч машиналарды жана ушуга окшош түзүлүштөрдү гана кошууга жол берилет. Ашкана тик турмаларына санитардык түйүндөрдүн жабдууларын кошууга жол берилбейт. Ашкана тик турмалары жашыруун гана – курулуш конструкциясында, каналдарда, панелдерде, штрабдарда, дубалдардын кобулдарында, дубалдардын жанындагы такама кутуларда, вертикалдуу монтаждоо коммуникациялык шахталарда кыпчытуу менен жайгаштырылышы керек. Бул тик турмалардагы ревизиялар 17.26га ылайык каралышы керек, ашкана жуугучунун капталынан жогору эмес. Ревизиялардын маңдайына 0,3×0,4 метрден кем эмес өлчөмдөгү люктар каралышы керек.

2 Кирме желдетүүчү жабдуулардын жайларында суу агызуучу жана канализациялык түтүктөрдүн тик турмаларын жана өткөргүч түтүктөрүн аба соруучу зонадан сырткары жайгаштырууда аларды төшөөгө жол берилет.

